УДК: 81-13
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-518-524

**Касымбекова Н.Ж.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
nurida.kasymbekova@mail.ru

## АТАЛАР ИНСТИТУТУ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ФЕНОМЕН КАТАРЫ

**Аннотация.** Макалада жети ата коомдук институтунун улуттук идеологияны, адептик кодексти, социалдык жобону, генеалогиялык эрежени камтып, руханий, коомдук, биологиялык багыттагы олуттуу программаларды аткарганы тууралуу айтылат. Улуу ойдун, улуу насааттын аркасында, улуу осуяттын тарбиясы менен асабасын желбиретип, душманын чөгөлөтүп, мамлекеттүүлүгүн сактап келгендиги, кылымдарды карытып, биздин күндөргө жеткендиги – бул коомдук түзүмдүн руханий милдети болуп саналат. Ал эми ата-баба менен урпактын жана өзүнүн (7+7+1) он беш эселенген жоопкерчилигин эскертип, адамдын адебин, коомдук мамилесин көзөмөлгө алганы, бейадеп иштерден тыйганы – коомдук милдети болуп эсептелет. Куда-сөөк күтүп, кыз берип, уул үйлөнтүүдө анын ата-тегин, тек-жайын сүрүштүргөн катуу салтты карманышкандыгы, жети ата өтмөйүн бир уруудан тарагандарга, туугандарга баш кошууга тыюу салышкандыгы – бул элдин канын тазартуу, дени сак, акыл-эстүү муундун өсүшүнө кам көрүү, эң негизгиси улуттун өзүн-өзү сактап калуу аракети катары бааланат да, биологиялык популяцияны жөнгө салган генеалогиялык милдети болуп саналат.

**Негизги сөздөр:** жети ата түшүнүгү, жашоо программасы, коомдук мыйзам, адептик кодекс, улуттук идеология, экзогамия, инбридинг, инцест.

**Касымбекова Н.Ж.**
кандидат филологических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
nurida.kasymbekova@mail.ru

## ИНСТИТУТ ПРЕДКОВ КАК ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ЯВЛЕНИЕ

**Аннотация.** В статье исследуется реализация важных программ в духовных, социальных и биологических направлениях государственного института «семи предков», включая национальную идеологию, морально-нравственные устои, традиции и обычаи, социальные и генеалогические правила. Именно духовная ответственность социальной структуры кыргызов заключается в том, что благодаря великой мысли, великой проповеди и внедрении великой заповеди, подняв высоко свой герб, опустив врага на колени, сохранила свою государственность сквозь века и достигла наших дней. Обязанностью общества является напоминать предкам и потомкам (7+7+1) о пятнадцатикратной ответственности, следить за своей культурой, отношениями социума и воздерживаться от недостойных действий. Сватовство, женитьба сына, проводы невесты – сопутствовало глубоким анализом исследования генов, чтобы избежать инцест, то есть кровосмешение, исключить их родство с

семи предками. Запрещая браки среди родственников из одного и того же племени в течение семи поколений, является очищением – сохранением чистокровности народа, ростом здорового и разумного поколения. Вводной части статьи рассматривается в первую очередь как усилия нации по самосохранению, но это также генеалогическая функция, которая регулирует биологическая популяция.

**Ключевые слова:** концепция «семи предков», программа жизни человека, социальное право, морально-нравственные устои,национальная идеология, экзогамия, инбридинг, инцест.

**Kasymbekova N.J.**
Candidate of Philological Sciences, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
nurida.kasymbekova@mail.ru

## INSTITUTE OF FATHERS AS AN ETHNO-PEDAGOGICAL PHENOMENON

**Abstract.** The article tells about the implementation of significant programs in the spiritual, social, and biological directions of the Seven Fathers Public Institute, including the national ideology, moral code, social regulations, and genealogical rules. It is the spiritual responsibility of the social structure that, thanks to the great thought, the great sermon, and the education of the great commandment, it has raised its nerve, brought its enemy to its knees, preserved its statehood, aged centuries and reached our days. It is considered a public duty to remind the ancestors and descendants and oneself (7+7+1) of the fifteenfold responsibility, to control one's manners, social relations, and to refrain from indecent acts. The fact that they follow the strict tradition of waiting for a dowry, marrying a daughter, and marrying a son, which destroys his ancestry and background, prohibiting the marriage of relatives from the same tribe for seven generations is the purification of the people's blood, the growth of a healthy and intelligent generation. Vision is considered primarily as a nation's self-preservation effort, but it is also a genealogical function that regulates biological populations.

**Key words:** concept of seven fathers, life program, social law, moral code, national ideology, exogamy, inbreeding, incest.

Жети ата коомдук институту **руханий, коомдук, биологиялык** деп аталган жашоонун үч олуттуу программасын ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

**Жети ата институту руханий программа катары.** Карт тарыхтын барактарында кыргыздар Эне-Сай, Миң-Өзөндү мекендеп, башка элдер менен тең ата мамиле түзүп, өрүшү өсүп, конушу көбөйүп, бейкут жатканда, капыстан чыккынчылык менен касташкан жоосу басып киргендиги, күтүүсүздөн кол салгандыгы жана саны, күчү жагынан артыкчылык кылган алар кыргыздарды катуудан казаны, жумшактан күлү калганча чабышкандыгы баяндалат. Ошол кан күйгөн айкашта душмандардын кол башчысы жети жашка чейинки балдарды аман калтыруу буйругун бергени айтылат. Себебин сурашканда, булар ата-тегин, тарыхын, ким экендигин билбейт, кул болуп өсөт, бизге кулдар да керек деп жооп айткан дешет. Бул шум кабарды уккан кыргыздын аман калган тобун жетектеп турган акылман карыясы бир шамдагай жигитти амалкөйлүк менен качырып, жети жашка чейинки бардык балдарга жети атасын, уруу тарыхын тарыхын үйрөткүлө деп өзөн-өзөндөгү кыргыздарга

кабар айттырган экен [1, 16-б.]. Мына ушул улуу ойдун, улуу насааттын аркасында, улуу осуяттын тарбиясы менен кыргыз кайра өзүнүн кыргыз экендигин таанып, кел-кели келгенде туусун түндүгүнөн чыгара көтөрүп, асабасын желбиретип, душманын чөгөлөтүп, мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирген.

Ушундан улам элибизде «жети атаны билүү – парз» делип, өсүп келе жаткан муундун кулагына куюлуп, бул насаат ар бир кыргыз баласынын дилинде кыттай уюп, тегин, жерин сүйүүгө үндөгөн ыйык түшүнүккө, бийик ураанына, улуттук идеологияга айланган.

"Кыргыз элинин пансофиясы" катары бааланган "Манас" эпосу да Каракандын өлгөнүнөн пайдаланып, Манастын ата-бабаларын туш тарапка айдап, кордук көрсөткөн Алөөкө менен Молтонун зордук-зомбулугун сүрөттөөдөн башталат. Аталарды тентитүүдөн башат алган бул түшүнүк чыгарманын акыр-аягына чейин жүрүп отурат. Эпосто жети атасынын өчүн алуу – эрди өлтүргөндөрдөн, ак өргөөлөрдү өрттөгөндөрдөн, кайгы-муңга батырып, оңду-солду тентиткендерден өч алуу, өчкөн отту тамызуу, уюткулуу улуу көчтү улоо.

Демек, 1) жети атаны талкалоо – мисмилдирик, тукум-курут кылуу:

*Каарды катуу баштадым,*
*Түп атасы Түгөл кан,*
*Түк койбой кырып таштадым.*
*Бурутка барып ок кылдым,*
*Жети атасын талкалап,*
*Тирүүсүн айдап жок кылдым* (СКВ, 137-б.);

2) каргоо, коркутуу:

*Болду, Жакып баатырым,*
*Сенин бул айтканың акыл - деп,*
*Кара калмак, манжууга*
*Бүлкүлдөгөн кишинин*
*Жети атасы капыр – деп (СКВ, 32-б.) деп Эсенкандын аярларынын кабарынан кийин, түтүндү түрө кыдырып издеп жаткан учурда, Манастын төрөлөрүн кара калмак, манжууга айткан кишини каргашкан;*

3) Жети атанын өчүн алуу, кегин кайтаруу, намыска жароо:

*Луңта, Туңша, Бээжинде*
*Ушунча тийген көчүм бар,*
*Жеткилең көрсөм ич күйөт*
*Жети атамдын өчү бар!* (СКВ, 151-б.). Жети ата идеясы, жети атанын өчүн алуу озуйпасы да чыгармадагы өзөктүү маселелерден.

4) Ыйык нерселерге, баалуулуктарга кара ниеттик кылбоо үчүн, карганув, ант берүү:

*Аба, Кошой карыя,*
*Бул айтканың макул, - деп,*
*Сиздин тилди албаган*
*Жети атасы капыр, - деп,*
*Жер жутуп кетсин аны, - деп,*
*Айтканыңа көндүк, - деп* (СКВ, 299-б.);

5) Мурастап алар мекен жай:

*Түзү токой, тоосу кар,*
*Ала-Тоонун башы бар,*

*Жети атаңды тууган жер,*
*Энең киндик бууган жер,*
*Кутман болуп калган жер* (СКВ, 164-б.). Курама таптап журт кылган, кулаалы таптап куш кылган Манас баатыр жети атасынан калган энчисине, өз жерине кайтып келет.

**Жети ата институту коомдук программа катары.** Ар бир кыргыз үчүн жети ата – адептик кодекстин, коомдук мыйзамдын, социомаданий жобонун кызматын аткарган. Жети ата мыйзамы иш жүзүндө өзүңдү кошкондо он беш муунду: өткөн жети муунду – ата-бабаңды, өзүңдү жана келерки жети муунду – урпактарыңды камтыйт. Демек, адам – өткөн жети муун менен кийинки жети муунду байланыштыруучу көпүрө, энергетикалык күчкө ээ маалыматты жеткирүүчү булак.

Көзү тирүүсүндө арзыган бата-алкыштын, каргыш-доонун «өмүрү» адамдыкынан узагыраак болот. Башкача айтканда, ал урпагына же жакшылыктын шарапатын, же жамандыктын кесепетин арттырат. Урпагы сыймыктанат, мактанат же тескерисинче арданат, уялат. Ал эми ата-бабасын – өткөн жети муунду сыйлаган адам кийинки муунга – өзүнүн урпактарына да кам көрө алат. Алардын бетине чиркөө болбоо үчүн, өзүн жаман иштен оолак кармайт, түз жолдо жүрөт. Жети ата түшүнүгү ата-баба менен урпак алдындагы жоопкерчиликти да он беш эселеп эскертип турган. Демек, жети атаны билүү жөн гана жадыбалдай жаттап алган жети ысымдын чегинен чыккан, өткөн жана келечек муундун дарегине көлөкө түшүрбөө, намысын сактоо, энергетикалык биоталаанын өткөргүчтүгүн, уламалуулугун бузбоо идеясын камтыган философиялык түшүнүк.

Жети атанын арбагы кагазга жазылбаган адептик кодекстин милдетин аткарган. «Атаңдын арбагына коем» деп ата-бабанын арбагы өзү «талдап», «калыс чечим чыгарарына» ишенген. Жети атанын арбагы урпагын карап турат, жакшы иш кылса, колдойт, сүрөйт, алкайт. Аны «арбагын көтөрүү» – мактоо, атагын чыгаруу, көтөрмөлөө маанисиндеги же «арбак колдосун» – кандайдыр-бир иштин алдында жети атанын арбагынын касиети жардам берсин деген ишенимдеги, «арбак конгон» – иши илгерилеп турган, иши оңунда болгон адамды мүнөздөөчү туруктуу сөз айкаштар менен тастыктоого болот. Буларга үндөш элибизде атанын баласы болуу, ата-бабасы тектүү, жетеси түзүк, теги бар деген ж. б. туюнтмалар бар. Аны менен катар жаман иш кылгандан «арбак урат» деп тартынышкан. Бирөөнү тилдегенде, наалат айткандагы каргоонун жеткен чеги «арбак ургур» болгон. Андан сырткары жамандын кесепети жети атасына чейин сөз тийгизген: ата-бабасы кем, жетесинде кем, теги кул ж.б. Демек, жети ата түшүнүгү ата-баба менен катар урпак алдындагы жоопкерчиликти да эскертип турган. Адам баласы убакыт өтүп, мезгили келгенде, ата, чоң ата тепкичине көтөрүлөт. Татыктуу өмүр сүрсө, урпагы сыймыктанат, мактанат же тескерисинче арданат, уялат. Демек, жети атаны билүү жөн гана жадыбалдай жаттап алган жети ысымдын чегинен чыккан, улуу муундун, аны менен катар келечек муундун дарегине көлөкө түшүрбөө, намысын сактоо, энергетикалык биоталаанын өткөргүчтүгүн, уламалуулугун бузбоо идеясын камтыган, терең мааниге ээ философиялык түшүнүк.

**Жети ата институту биологиялык программа катары.** Жети атаны билүүнүн кийинки бир нускалык тарбиясы – ата-бабаларыбыз куда-сөөк күтүп, кыз берип, уул үйлөнтүүдө анын ата-тегин, тек-жайын сүрүштүргөн катуу салтты карманышкандыгында же жети ата өтмөйүн бир уруудан тарагандарга, туугандарга баш кошууга тыюу салышкандыгында. Бул салт элдин канын тазартуу, дени сак, акыл-эстүү муундун өсүшүнө кам көрүү, эң негизгиси улуттун өзүн-өзү сактап калуу аракети болгон. Демек, жети ата – кыргыздардагы ата-текти билүүгө негизделген никелик мамилелерди, биологиялык

популяцияны жөнгө салган генеалогиялык түшүнүк. Муну илим жети муундук экзогамия деп атайт.

Экзогамия – (грек сөзү “сырткы нике”) белгилүү бир коомдук топтогулардын (мисалы, туугандар) никелешүүсүнө тыюу салуу. Аталган термин Мак Леннан деген окумуштуу тарабынан 1865-жылы илим айлампасына кирген. Илимде XIX кылымда гана пайда болгонуна карабастан, кубулуш өзү адамзат тарыхындагы алгачкы коомдук баскычтарда эле болгондугун далилдеген эмгектер арбын. Тээ алгачкы общиналык коомдо басып алган уруудан туткундалган аялдардан дени сак, тулку-бою чымыр, күчтүү балдар төрөлөрүн байкашкан. Ошентип, мындай никеге, т.а. экзогамияга кызыгуулар жаралган [2, 58-б.]. “Эгер өз айылыңдагы кызга үйлөнсөң, балдарың күйпүл күчүктөй болот. Кошуна айылдык кызды алсаң, карышкырдай жалтанбаган балалуу болосуң. Башка аймактагы кызга баш кошсоң, ал сага жолборс жүрөктүүлөрдү тартуулайт. Эгер ашуу ашып үйлөнсөң, балдарың арстандай айбаттуу болот” – деген аталар сөзү да буга үндөшөт.

Жакын туугандардын үйлөнүүсү (инбридинг – англис сөзү “ички” + “көбөйүү” – жер шарынын калкынын 1/5 бөлүгүнө туура келген, планетабыздын ондогон өлкөлөрүнө тийиштүү көйгөй [3, 4-б.].

Жакын туугандар ортосундагы никенин таралышы этникалык, диний, саясий жана маданий өзгөчөлүктөргө, айрым учурларда географиялык факторлорго да байланыштуу. Географиялык фактор дегенибиз, ар түрдүү шарттардан улам айрым элдерге обочолонгон жашоо образы мүнөздүү. Санынын аздыгына байланыштуу колуктуну же күйөөнү табуу кыйындайт да, натыйжада нике ушул кичинекей коомдун ичинде гана жүрөт. Ааламдашуунун агымы күчөп, дүйнөлүк алака бекемделип бара жаткан бүгүнкү күндө да мындай изоляторлор жок эмес. Мисалы, Англия жана Германиядагы еврейлер общиналары, АКШдагы индеецтер, Индиянын Андхра-Прадеш штаты, Бразилия, Швеция, Нидерландынын айрым уруулары. Бекеринен айрым изоляцияга кабылган жерлерде сырттан келген эркекке өздөрүнүн кыз-келинин салып берүү ырымы жашабаса керек. Бул – улутту сактап калуу аракети.

Саясий багытта, бийликти бекемдөө же сактап калуу максатында жакын туугандар никелешкен учурлар да болгон. Мисалы, бир туугандар ортосундагы династиялык никелер Байыркы Египетте, инктер империясында, Гавайи архипелагындагы королдук үй-бүлөлөрдө орун алган. Муну “таза канды сактоо” деп түшүндүрүшкөн. Америкалык изилдөөчү Адам Вудс Ганновер, Бурбон, Габсбург сыяктуу королдуктардын генеалогиялык тегин талдоонун негизинде королдордун акыл-эс көрсөткүчү жана моралдык сапаттары тууралуу бараандуу эмгек (“Mental and moral heredity in royalty”, 1906) жазып, олуттуу көйгөйлөрдүн өзөгүндө инбридинг турарын тастыктаган [4, 132-б.]. Буга бир тууган ага-карындаштын кызы, Байыркы Египет канышасы Клеопатра далил. Өзү да бир тууган инилерине турмушка чыккан. Генетиктердин ою боюнча, дүйнөлүк маданиятка календарды, папирусту, өзгөчө түзүлүштөгү пирамиданы сунуштаган, математикалык жана астрономиялык изилдөөлөрдү, медициналык жаатта ампутация, көз операцияларын биринчилерден болуп жасаган египеттик фараондордун династиясы «таза канды сактоо» түшүнүгүнөн улам жер жүзүнөн жоголуп кеткен [5, 59-б.].

Британиялык антрополог Бронислав Малиновский: “Экзогамиянын инцест табусу менен маанилик катышы бардыгына эч кандай күмөнүм жок”, - деп жазат [6, 12-б.]. Инцест – латын тилинен “күнөөлүү”, “кылмыштуу” деп которулуп, жакын туугандардын жыныстык катнашка баруусу (кан аралашуу) дегенди түшүндүрөт. Демек, инцестти адамзаттын

эволюциялык өнүгүүсүн басаңдатуучу фактор катары, ал эми ага тыюу салууну, б.а. экзогамияны цивилизация жолундагы үй-бүлөлүк-никелик жана коомдук мамилелерди тартипке келтирүүчү негиз деп кароого болот [7, 2-б.].

Мында генетикалык кемтиктер менен төрөлгөн балдардын саны көбөйөт. Бул бирдей патологиялык гендердин дал келүү мүмкүнчүлүгү менен түшүндүрүлөт. Кеп балдардын өлүк төрөлүшү, гемофилия, Даун синдрому, кем акылдык, тукумсуздук, эрте өлүм сыяктуу өтө оор маселелер тууралуу болмокчу. Генетик И. Гершковичтин маалыматы боюнча, эгер жакын туугандар никесинде балдардын тубаса кемчиликтер менен төрөлүү көрсөткүчү 20%га, баланын өлүк төрөлүүсү 24%га, түйүлдүктүн мутацияга кабылышы 38%га өсөт. Мындай никеде тукум куума оорулар эки эсе көп кездешет, - деп эсептейт биология илимдеринин доктору, профессор М.Азова. Балдардын өлүм көрсөткүчү 45 %га жогору болот, - дейт молекулярдык биолог, доцент Д.Сосин [8, 34-б.]. Демек, медицина илими мындай никелерди колдобойт.

Ислам дини эмне дейт? Ислам дининде никени байлоого адал жана арам кылынгандар деген түшүнүк бар. Арам кылынгандар, б.а., үйлөнүүгө уруксат берилбегендер тобуна жакын туугандар кирет.

Ал эми «КРдин Үй-бүлө кодексинин» Никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлар аттуу 15-беренесинде: «Жакын туугандарга, бир ата-энеден төрөлгөн жана атасы же энеси бир эркек-кыз бир туугандарга тыюу салынат» деп жазылып турат [9, 3-б.].

Медициналык, диний, юридикалык жактан тыюу салынган бул кубулушту тоо койнунда көчүп-конуп жашаган ата-бабаларыбыздын тээ илгертен жети ата институту аркылуу жөндөп келгени акылмандык эмей эмне?! Буга Н.П.Дыренкованын “Көчмөн кыргыздарда экзогамдык никелешүү түрү басымдуулук кылат” дегени, С.М.Абрамзондун “Кыргыздарда экзогамиялык түр муундан-муунга өтүп келген” дегени айныксыз далил [10, 54-б.].

Аталар мыйзамы бузулганда, негативдүү демографиялык тенденциялар жаралат. Никеге туруу жана анын аныктыгын кабылдоо конвенциясынын 11-беренесине ылайык (Гаага, 1978-жыл, 14-март), мамлекет жакын туугандардын никесин кабыл албай коюуга укуктуу. Демек, генетикалык көйгөйлөрдөн арылуунун биологиялык программасы катары жети ата коомдук институтун тура колдонуп, Кытай, Япония, АКШ, Улуу Британия, Швейцария, Туркия, Украина, Ирландия, Түштүк Корея, Жаңы Зеландия, Таджикистан, Өзбекстан мамлекеттери сыяктуу мындай никеге тыюу салуу зарылдыгын белгилейбиз [11, 2-б.].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Ананьев, Б. Г. Человек как предмет познания. – Санкт-Петербург: ПИТЕР, 2001. – 248 с.

2. Бобджонова О.Б., Абдурахманова Ф.М., Шарипова М.Б. Родственный брак: современное состояние проблемы // Проблемы репродукции. 2020; 26 (3): – 6-10 с.
3. Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, 2003, – 59 б.;
4. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы. «Ден соолук» медициналык энциклопедия. – Ф.:1991, – 112-б.;
5. Магомедова А.Ш., Омаров Н.С.М. Перинатальные аспекты кровнородственных браков. Архив внутренней медицины. 2016, – 320 с.
6. Маликова Д.Б., Курбанов Д.Д. Характеристика клинических показателей у женщин с бесплодием, проживающих в Андижанской области. Журнал теоретической и клинической медицины. 2014; 4: – 92-95.
7. Молдожунусов, К. Салттуу кыргыз коомунда жаш үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү чаралары / Мурас. Турмуш коомдук гезити, 03.12. 2020; https://muras.turmush.kg/un;
8. Панахиан В.М. Система профилактики и раннего выявления врождённых пороков и наследственных заболеваний в оториноларингологии // Журнал ушных, носовых и горловых болезней. 2008. №6. – С. 32-36
9. Холматов И.Б., Очилзода А.А. Тугоухость на почве родственного брака как фактор наследственной болезни (обзор литературы) // Вестник КГМА им. И.К. Ахунбаева. 2014. №3 (прил. 1). – С. 21-27;
10. Шапиро, Д. Семья. О генеалогии, отцовстве и любви. – М., 2016, – 132 с.
11. Фогель Ф., Мотульски А. Генетика человека. – М.: Мир, 1990, – 145 с.

Иллюстративдик материалдар:

*“Манас” 1-китеп Текст /С. Каралаев варианты (СКВ). –Бишкек: Турар, 2010. – 1005 б.*

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Акматбекова Ж.А.**